# Мамлекеттик казына облигациялар рыногу

*(2012-жылдын декабрь айы)*

Декабрь айында Финансы министрлигинин казына облигацияларын биринчилик рынокто жайгаштыруу боюнча бир аукцион өткөрүлүп, анын жыйынтыгы боюнча рынок катышуучулары тарабынан 199,0 млн. сом суммасына баалуу кагаздар сатылып алынган, бул өткөн айдагы тиешелүү көрсөткүчтүн маанисине барабар келген. Сатуу жагында өткөн айдагыдай эле, 2012-жылдын июнь айынан бери институционалдык инвестор жигердүү катышып келгендигине карабастан, коммерциялык банктардын жигердүүлүгүнүн басаңдашынан улам төмөндөө жүргөн (эки гана коммерциялык банк катышкан). Канааттандырылган суроо-талап деңгээли 17,5 пайызга төмөндөп, 47,7 пайызды түзгөн. Мында баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү 0,5 пайыздык пунктка азайуу менен 14,5 пайыз чегинде калыптанган. МКО боюнча кирешелүүлүк салыштырмалуу жогорку деңгээлде болгондугуна карабастан, мамлекеттик баалуу кагаздардын бул түрүнө көпчүлүк банктардын кызыгын арттыруусу алардын кыска мөөнөттүү мүнөзгө ээ ресурстук базасын эске алсак, салыштырмалуу төмөн бойдон калууда.

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы.**




Декабрь айында жүгүртүүдөгү МКО көлөмү ай ичинде 4,1 пайызга жогорулоо менен 4,8 млрд. сомго жеткен. Мында, институционалдык инвесторлордун үлүшүнүн 2,0 пайыздык пунктка жогорулоосу байкалган (47,6 пайызга чейин), коммерциялык банктардын салыштырма салмагы 2,0 пайызга төмөндөп, 52,3 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн. Юридикалык жактар-резиденттердин үлүшү мурдагыдай эле, 0,1 пайыз деңгээлинде сакталып калган.

МКО биринчилик рыногунун концентрациялануу индекси[1] айдын акырына 0,44 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүү менен рынокто бирдей үлүшкө ээ эки катышуучунун катышуусуна ылайык келээрин тастыктайт.

Кароого алынган мезгил ичинде экинчилик рынокто МКО менен операциялар ишке ашырылган эмес.

[1] Бул индекс баалуу кагаздардын банктар портфелинде концентрациялануу деңгээлин көрсөтүп турат. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршмандын ыкмасы боюнча эсептелинет жана көрсөткүчтүн жалпы көлөмүндө салыштырмалуу салмактын квадрат суммасы катары берилет. Индекстин мүмкүн болуучу мааниси 0дон 1ге чейинки интервалда орун алат. 0,10дон төмөн маанидеги индекс концентрациялануунун төмөн деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – орточо деңгээлине, ал эми 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалы, 0,50гө барабар болгон концентрациялануу индекси рынокто бирдей үлүшкө ээ эки катышуучунун; 0,30 – үч катышуучунун ж.б.у.с. катышуусуна эквиваленттүү.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Улуттук банкы | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Бештин айы'2011 | 3 035 970,0 | 0,0 | 0,0% | 1 857 228,9 | 61,2% | 1 175 593,9 | 38,7% | 3 105,2 | 0,1% |
| Үчтүн айы'2012 | 3 047 170,0 | 0,0 | 0,0% | 1 868 428,9 | 61,3% | 1 175 593,9 | 38,6% | 3 105,2 | 0,1% |
| Бирдин айы | 3 092 940,0 | 0,0 | 0,0% | 1 914 198,9 | 61,9% | 1 175 593,9 | 38,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Жалган куран | 3 055 690,0 | 0,0 | 0,0% | 1 921 038,9 | 62,9% | 1 131 503,9 | 37,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Чын куран | 3 145 470,0 | 0,0 | 0,0% | 2 011 168,9 | 63,9% | 1 131 153,9 | 36,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Бугу | 3 234 570,0 | 0,0 | 0,0% | 2 099 268,9 | 64,9% | 1 131 153,9 | 35,0% | 4 105,2 | 0,1% |
| Кулжа | 3 229 690,0 | 0,0 | 0,0% | 1 994 368,9 | 61,8% | 1 231 173,9 | 38,1% | 4 105,2 | 0,1% |
| Теке | 3 449 700,0 | 0,0 | 0,0% | 2 164 368,9 | 62,7% | 1 281 183,9 | 37,1% | 4 105,2 | 0,1% |
| Баш оона | 3 936 450,0 | 0,0 | 0,0% | 2 563 273,2 | 65,1% | 1 369 974,6 | 34,8% | 3 160,2 | 0,1% |
| Аяк оона | 4 092 450,0 | 0,0 | 0,0% | 2 441 373,2 | 59,7% | 1 647 874,6 | 40,3% | 3 160,2 | 0,1% |
| Тогуздун айы | 4 362 550,0 | 0,0 | 0,0% | 2 441 473,2 | 56,0% | 1 917 874,6 | 44,0% | 3 160,2 | 0,1% |
| Жетинин айы | 4 561 550,0 | 0,0 | 0,0% | 2 476 473,2 | 54,3% | 2 081 874,6 | 45,6% | 3 160,2 | 0,1% |
| Бештин айы | 4 750 550,0 | 0,0 | 0,0% | 2 486 473,2 | 52,3% | 2 260 874,6 | 47,6% | 3 160,2 | 0,1% |